№ 122 Уметалиева Индира Сакыпбековна

## Эмгек миграциясы жакшыбы же жаманбы?
## Айылдык мугалимдин көз карашы

Мен киммин? Мен-өз кесибин сүйгөн, ардактаган, окуучулардын ар бир ийгилигине кубанган, кайгысына тең ортоктош болгон айылдык мугалиммин. Аты-жөнүм Уметалиева Индира. Он жылдан бери ушул мектепте эмгектенип жүрөм.

Кемин районунун Чым-Коргон айылы эң узун айылдардын катарын түзөт. Айылда 6000 ден ашуун эл жашайт. Калктын басымдуу бөлүгү айыл-чарба иштери менен алектенишет. Ошондой эле, айыл ичинде мектеп жана бала бакча бар. Анда Чым-Коргон айылынын тургундары мугалим, тарбиячы болуп эмгектенишет. Ал эми, миграцияда жүргөндөр дагы жок эмес. Айылдын олуттуу бөлүгү болбосо дагы, үч үйдөн бир киши эмгек мигранты болуп алыста эмгектенип жүргөнү маалым.

Миграция – үй-бүлөгө кандай таасир тийгизет? Мигранттардын балдары өзгөчө камкордукка муктажбы?. Бул суроолор жалгыз мени эле түйшөлтпөй, жалпы коомду ойлондурса керек. Анткени, мигранттардын үй-бүлөсү чогуу болбой эки жакта болсо, демек үй-бүлөнүн очогу бузулат деген көз караштамын. Себеби, ортодогу алыстык адамдардын ортосундагы сезимдерге дагы таасир этет, бири-биринен алыстайт, ортодо келишпестиктер болот дагы, сөзсүз түрдө үй-бүлөнүн кыйроосуна алып келет. Элибизде сөз бар эмеспи: “Үй-бүлө бузулса, мамлекет бузулат”, - деген. Андыктан ажырашуулар көп болсо, бактылуулук кайдан келмек эле?. .

Мигранттардын балдары өзгөчө камкордукка муктаж деп ойлойм. Себеби, ата-энесинен убагында мээрим көрбөй, алардын жардамы, колдоосу жок ар кандай кыйынчылыктарга туруштук бере албай калышаары мүмкүн. Ал үчүн, социалдык коргоо кызматкерлер, мектеп мугалимдери, кошуналары, достору жана жалпы коом кайдыгер болбошу керек. Учурда өзгөчө мигранттардын балдары жакын туугандары тарабынан зордук-зомбулук көрүп жүргөн учурлар көп эле кездешип жүрөт. Мунун баары эмнеден келип чыкты? Кандайча ушундай окуялар көп болуп кетти? Эмнеге бул балдарды учурунда коргой алган жокпуз? Ким күнөөлүү?, -деген толгон-токой суроолор ар бирибиздин жадыбызда болсо керек. Бирок так жооп таба албай келгенибиз өкүндүрөт. Балким так жообун билсек, ошол мигранттардын кордолгон балдарын учурунда сактап калат белек, жардам берип калаар белек, деген ойлордон арыла албай келем. . .

Демек, бүгүнкү күндүн көйгөйү-эмгек миграциясы. Ооба, көйгөй дебегенде аны башкача атоого болбойт. Анткени, жогоруда айтылган мисалдар буга далил болуп бере алат. Бул маселе канткенде чечилиши мүмкүн?, -деген ой жаралат. Менин оюмча Мамлекетти күнөөлөп, жумуш жоктугуна шылтай бергенибиз туура эмес, ар бир адам оюн оңдоосу кажет деген ойдомун. Бардык муктаждыктардан биринчи үй-бүлө баалуулугун, балдардын тарбиясын өйдө койгондо, тараза ташы албетте ушул жакты көздөй оомок. Бирок, адамдар арзыбаган акчанын, айла жоктуктун айынан ушул баалуулуктарды таштап, чет жактарга кетип жатканы өкүндүрөт. Албетте, ал адамдарды дагы күнөөлөп, сынагандан алысмын. Алар деле жарыбаган турмуштун айынан, баарын таштап кетип жатышкандыр?. Канткен күндө дагы, учурдун ачуу чындыгы болуп кала берээрин танбайбыз. Бул көйгөй эртең же бүрсүгүнү чечилип кете турган жолдо эмес экендигин билебиз. Канча миңдеген балдар азыр ата-энеси бар туруп,

башка туугандарынын колунда тарбияланып жүргөнүн, айрымдары окууга барбай, иштеп жүргөнүн, ал эле эмес алардын токмогун жеп кичинекей муштумдай жүрөктөрү коркуп, ишенбестик, үмүтсүздүк менен жашап жаткандыктарын билебиз. Ал тургай, ошол эле ата-энелер кээде тууганчылыкка салып зордук-зомбулук көрсөткөн "туугандарын" жаап-жашырып, кечирип койгон учурлар дагы жок эмес. А бирок, бала жүрөгү аны кечирдиби?, унутабы?, - аны менен чоң адамдардын эч капары жок. Бирок, кээде ушундай мигранттардын балдары тың, билимге умтулган, тартиптүү болгон учурлар дагы жок эмес. Себеби, күчтүү болууга өзүн милдеттүү сезип калат окшобойбу. Ага мисал катары төмөндөгү окуяны айта кетейин. . .

Ушул миграция темасына байланыштуу жакында эле менин башымдан бир окуя болуп өттү десем болот. Классымда кара тору, бакырaң көз, татынакай Аделя деген окуучум бар болчу. 1-3-класска чейин окутуп келдим. Ата-энеси кыз окуй электе эле эки ажырым жолго түшүп, апасы Россияга иштегени кеткен экен. Ал учурда аны атасы жана чоң энеси камкордугуна алышкан. Дайыма сабакка тыкан кийинип, эки чачын зымырайтып өрүп алып келээр эле. Сабакта дагы абдан зирек, дилгир болуучу. Кайсы сабак болбосун, тапшырмасы даяр, сабакка активдүү катышып, классташтарынын арасында кадыр-баркы жогору болчу. Ал эмес, класстын Президенти кылып жалпы класс менен шайлап алганбыз. Ошентсе да, анын көзүндө дайыма бир муң, сагыныч жатканын байкачумун. Ошондуктан, бир аз көбүрөөк көңүл бураар элем. Бирок, бир дагы жолу батынып: "Аделя, апаңды сагындыңбы?", -деп сурай алган эмесмин. Өзү кичинекей болсо дагы, ички туюму чоң адамдыкындай, ар нерсеге олуттуу көз караш менен караган, сөзүн таптап сүйлөгөн, ой жүгүртүүсү абдан кенен, сөзгө тапандыгына өзгөчө баа берчүмүн. Карегиндеги жазылып турган кусалыгын дагы жан адамга сездирбей, дайыма күлүп жүрөөр эле.

Ошондой күндөрдүн биринде класс ичинде сынак уюштурдум. Сынакта ата-энеси менен биргеликте бир кол өнөрчүлүк жасап, аны презентациялоо керек эле. Жалпы 15 окуучу катышып, жыйынтыгында Аделя менен чоң энеси жасаган кийизден гүлдестеси жеңишке жетти. Баарыбыз абдан кубандык, себеби башка окуучулар апалары менен катышса, Аделя чоң энеси менен катышып мыкты жыйынтык көрсөтө алышты. Айтайын дегеним, мындай балдар дайыма эле жаман адамдардын колунда кала бербейт. Чоң эненин небересине болгон мээрими, жоопкерчилиги, берген тарбиясы – мына жыйынтык! Анча-мынча энелүүлөрдөн ашыгыраак мээрим төккөн чоң эне өз сөзүндө : " Менин болгон байлыгым, көзгө басаарым, менин күч-кубатым-ушул неберем. Ал үчүн баарына даярмын!", - деди грамота алып жатып. . .

Адаттагыдай эле жумушка эрте келгем. Кар лапылдатып жаап жаткан. Район уюштуруп жаткан сынакка катышууну көздөп жүргөм. А түгүл сюжетин даярдап, оюмда ким катышаарын дагы баамдап койгон элем. Сабак башталып, окуучуларга алдыдагы сынак тууралуу айтсам көздөрү жайнап, кызыга түшүштү. Албетте баарыбыз Аделя катышса, класстын намысын коргойт деген бекем ишеничибиз бар болчу. Бирок, ал күнү Аделя сабакка келген жок. Эртеси күнү дагы эмнегедир жок болду. Чыдабай чоң энесине телефон чалдым. Чоң эне бышактап ыйлап кирди:"Кызымды алып кетип калды апасы, эми кызым бөтөн жерде кандай абалда болот?", - деп андан ары сөзүн улай алган жок. Мындай учурда оозго дагы сөз келбейт экен, чоң апаны сооротууга аракет кылдым. Апа

мага ыраазычылыгын билдирип, небереси үчүн жүрөгү ооруп турганын жашырган жок. . .

Ошентип класска келип, Аделя Россияга кеткендигин айттым. Баарыбыздын маанайыбыз сууй түштү. Эми сынакка башка окуучуларды даярдай турган болдум. . . Ошол күнү Аделя өзүнүн апасы менен келип, китептерин тапшырып, баарыбыз менен коштошуп кетти. Терезеден карап турдум, апасынын колун бекем кармап алып, улам секирип коюп кетип бара жатыптыр. Ичим ачышып жатса дагы Аделя үчүн абдан кубандым. Эми ооруса, кайгырса, кубанса дагы ишенгени, эң асылы – апакеси жанында эң негизгиси. Бирок, чоң апасычы?, анын жүрөгүндөгү дартын ким айыктырат эми? Небереси десе, ичкен ашын таштаган чоң энеге абдан боорум ооруду...

Ушундай окуялардан улам, миграция-жалпы элдин жүрөк ооруусу экенин айткым келди. Аделядай, анын чоң энесиндей турмуштар өлкөдө миңдеп саналат. Демек, биздин күндөрдө бул маселе-эң орчундуу бойдон кала берет. . .

Өлкөбүздө миграция темасы өрчүй бере турган болсо, мамлекетибизде өсүп-өнүгүү аз болот. Себеби, эмгекке жарамдуу жаштардын бардыгы чет жактарга иштеп кетишсе, анда биздин мамлекеттин тагдырын ким ойлойт? Аны ким өркүндөтөт?

Ошондуктан, сөзүмдүн башында айтканымдай эле ар бир адам оюн өзгөртсө, балким мигранттардан караганда патриоттор көп болуп, мамлекеттин, анын ичинде айыл жана шаарлардын өнүгүүсүнө чоң салымдарын кошмок деп ойлойм. Ошондой эле, чет жакта иштеп келип, ал жактан алган мол тажырыйбасын өз өлкөбүзгө жайылтса, чоң жетишкендик болмок. Албетте мамлекетибиз андай жаштардан дагы куру эмес дегим келет.

Бүгүнкү темага байланыштуу өз сөзүмдү жыйынтыктап жатып, айтайын дегеним, ар бир мигрант боордошторубуз бактылуу турмушта жашоого татыктуу. Ал үчүн бардык баалуулуктардан үй-бүлө баалуулугун, анын ичинде бала тарбиялоону, аны чоң турмушка даярдоону, балдарга болгон камкордукту биринчи орунга коюп, калган баалуулуктарды экинчи кезекке калтырышыбыз керек. Ушул тема менин ойлорумду уйгу-туйгу кылып, тынчтык бербей, ушул ыр саптары жаралды. Жүрөктөн чыккан бул ыр саптарым ар бир мигрант мекендешибиздин ичиндеги муңун чагылдырат.

**Мигрант аялдын баласына жазган каты.**

Кандай балам, ден соолуктар жакшыбы?
Иниң кандай, тай-тай басып калдыбы?
Кылыктары кубандырып жаткандыр,
Тили чыгып: “ Ата, апа” , -деп айттыбы?
Айтпасаң да билем балам, сагындың.
Айла канча, мен да абдан сагындым.
Силер үчүн, жаркын турмуш үчүн деп,
Чоң түйшүктү мен жонума артындым.
Мейли айтпа, билем балам таарындың,
Амал канча, мен да далай таарындым.
Сен үчүн деп, турмуш мыкты болсун деп,
Мен турмуштун сыноосуна багындым.

Эми ойлонгулачы, дүйнөдөгү бардык нерсе табылат ден соолук болсо, ал эми баланын көңүлү табылбайт. Ошол жүз миң сомду таап келесиң, бирок баланын балалыгын кайра таппайсың. Убагында бере албаган мээримдин эми балага кереги жок. Элестетип көргүлөчү, сен күнү-түнү уктабай таап келген акчаң, байлыгың баары бир тыйынга тете болуп калганын, эгерде балаң сенден жүзүн буруп, чоочун адамдай качып турса, сырын айтып бөлүшпөсө, сен ким үчүн иштеп, ким үчүн кара жаныңды карч уруп келдиң, тууганым?. .

Ошондуктан, ар бир мигрант мекендештерибизге бактылуулукту каалап кетким келет. Ар бир ата-эне үй-бүлөсүнүн жанында, үйдүн жарыгын, коломтосунун отун өчүрбөй бактылуу, ынтымактуу турмушта жашашына тилектешмин. Эч бир бала турмуштун катаалдыгын билбей, ата-энесинин колдоосун сезип, дайыма чогуу болушун каалайм. Баланы эне-атадан тирүүлөй ажыратпасын!.

Баса, Аделянын апасы жакында байланышка чыгып, Аделя жакшы окуп жаткандыгын айтты. Мугалими мактап, абдан аракетчил экендигин баалап жатканын айтып, мектептеги иш чараларга катышып жаткандагы видео, сүрөттөрүн жиберди. Мен дагы ийгилик каалоо менен бирге окуучум үчүн абдан кубандым.